**«Транспортту иштетүү жана туруктуу технология»** кафедрасынын окутуучуларынын студенттердин ата-энелери менен жолугушуусу

# ЖЫЙЫНДЫН ПРОТОКОЛУ

10.11.2023-ж.

Ош шаары,
ОшТУ, 3-корпус, 210-ауд

## КАТЫШКАНДАР:

«Транспортту иштетүү жана туруктуу технология» кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы, «Автомобиль транспорту жана сервис технологиялары» факультетинин декандын орун басарлары жана ТТП(б)-1-23 тайпасынын биринчи курсунун студенттеринин ата-энелери, ТТП-1-23 (м) магистранттарынын ата энелери. Жалпы – 27 киши.

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Студенттердин, магистранттардын сабакка катышуулары;
2. 1-рейтингдин жыйынтыктарын талкуулоо.

## 1. УГУЛДУ:

Жыйынды «ТИжТТ» кафедрасынын башчысы, доцент Кадыркулов Адылбек Козубекович алып барды. Кафедра башчысы студенттердин, магистранттардын сабакка катышуу жыйынтыктары менен ата-энелерди тааныштырды. Ар бир студенттин, магистранттын сабакка болгон мамилеси боюнча өзүнчө маалымат берди.

Жыйынга катышышкан ТТП-1-23, ТТП-1-23(м) тайпасынын студенттеринин, магистранттарынын ата-энелерин кызыктырган төмөндөгү суроолор болду:

- Студенттер, магистранттар 670300 «Транспорттук процесстер технологиясы» багытын аяктагандан кийин кайсы тармакта жана ким болуп иштей алышаары;
- контракттын суммасы жана аны төлөө тартиби болду.

Айрыкча «Жол кыймылынын коопсуздугун уюштуруу», "Транспорттогу бажы иши" адистигине тапшырган студенттердин ата-энелери суроо беришти. Анткени ГАИге адатта юридикалык билимдүү кадрлар жумушка алынары белгиленди. Алардын негизги кызыкчылыгы — ТТП багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн келечеги болду.

Сканировано с CamScanner

**2.УГУЛДУ:**

Окуу иштери боюнча декандын орун басары Орозбаев М.Т ата-энелерди рейтинг жыйынтыктары менен тааныштырды.

Маанилүү маселелердин бири — сабакка катышпай калган жана начар окуган студенттерге, магистранттар көңүл буруу болду.

Ушуга байланыштуу бардык катышкандар студенттерди ата-энелер жана кураторлор тарабынан катуу көзөмөлгө алуу керек деген пикирде болушту.

Жыйынга математика, физика жана инженердик графика сабактарынан сабак берген окутуучулар катышышты.

Ата-энелерге ОшТУнун имараттары, лабораториялары жана факультет аудиториялары көрсөтүлүп, экскурсия уюштурулду. Ошондой эле кафедраны бүтүрүп, автоунаа тармагында ийгиликке жетишкен адистердин сүрөттөрү жайгаштырылган стенд менен тааныштырышты.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – бир добуштан
«Каршы» – жок
«Калыс» – жок

**ЧЕЧИМ КЫЛЫШТЫ:**

1. Студенттердин, магистранттардын сабакка күн сайын катышуусун деканат жана кураторлор тарабынан көзөмөлгө алуу.
2. Кураторлор менен студенттердин, магистранntардын ата-энелеринин өз ара байланышын күчөтүү.

**Төрага:** Кадыркулов А.К.

**Катчы:** Эргешова Ч.М.

Сканировано с CamScanner

«Транспортту интетүү жана туруктуу технология» кафедрасынын окутуучуларынын кесиптик-өндүрүштүк уюмдардын өкүлдөрү жана студенттердин ата-энелери менен жолугушуусу

## ЖЫЙЫНДЫН ПРОТОКОЛУ

12.12.2024-ж.

Ош шаары,
ОшТУ, 3-корпус, 216-ауд

### КАТЫШКАНДАР:

**Кафедра тарабынан:** кафедра башчысы, проф. Жоробеков Б.А., к.т.н., доц. Кадыркулов А.К., доценттер: Жакыпджанова В.С., Болушев Э.М., ага окутуучулар: Орозбаев К.А., Пакирдинов М.Р., Тажибаев Ж.К., окутуучулар: Алибаев К.К., Сыдыков Н.А., окуу мастери Эргешова Ч.М.

**Иш берүүчүлөр тарабынан:** Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасынын механиги Нуруев Бакыт, жашылдандыруу чарбасынын гаражынын начальниги Дубанаев Кеңеш, «Давуд» автоунааларды тейлөө станциясынын директору Тешаев Баходир, ӨКМнин өзгөчө кырдаалдар департаментинин башкы адиси Байышев Замир, Ош чек ара башкармалыгынын курал-жарактар бөлүмүнүн башчысы Байматов Замир, «Bosh» СТОнун башчысы Мамытов Болот, Араван РИИБнин рота командири Маразаков Атабек, Кара-Суу РИИБнин өкүлү Талиев Динмухамет.

**Ата-энелер:** Кабулова Патила, Нарынбаев Семен, Айдарова Шакар, Маматалиева Райхан, Эрматова Феруза, Токурова Айчүрөк, Жолчубай кызы Назгүл.

**Күн тартиби:**

1. Келечек муундарды биргеликте тарбиялоонун зарылчылыгы.

**Жыйындын жүрүшү:**

Жыйынды кафедра башчысы, профессор Жоробеков Б.А. ачып, студенттердин билим деңгээли, алардын базалык билиминин алсыздыгы жана сабакка болгон кызыгуусунун төмөндүгү тууралуу баяндады. Ал ата-энелерди жана иш берүүчүлөрдү студенттерди тарбиялоо жана сапаттуу адистерди даярдоодо активдүү кызматташууга чакырды.

**Кадыркулов А.К.** студенттердин базалык билиминин алсыздыгы окутуунун сапатына терс таасир тийгизип жатканын белгилеп, ата-энелер сын-пикирлерди мектептерге жеткирүүсүн өтүндү.

**Жакыпжанова В.С.** автоунаа тармагындагы техникалык өзгөрүүлөрдү эске алуу менен жаңы шарттарга ылайык адистерди даярдоо зарыл экенин

Сканировано с CamScanner

айтты. Ал практикалык жана лабораториялык сабактарды өндүрүш мекемелеринин базасында өткөрүү сунушун киргизди.

**Мамытов Болот** заманбап автоунаалар компьютердик диагностика аркылуу гана тейленерин айтып, студенттерди практикага тартуунун маанисин белгиледи. Ал адистердин көбөйүшү атаандаштыкты күчөтүп, тейлөө сапатын жакшыртарын баса белгиледи.

**Дубанаев Кеңеш** студенттер практикада жоопкерчиликсиз мамиле жасап жатканын айтып, ата-энелер жана окутуучулар аларга туура түшүндүрмө берүүсүн сунуштады. Теория менен катар практикалык билимин бекемдебеген студент сапаттуу адис боло албай турганын белгиледи.

**Кабулова Патила** ата-энелердин атынан сөз сүйлөп, жыйында көтөрүлгөн маселелер үчүн ыраазычылык билдирди. Ал ата-энелер да балдардын билим алуусуна көңүл буруп, мугалимдерге жардам берүү ниетин билдирди. Ошондой эле окутуучуларды студенттерге катуураак талап коюуга чакырды.

**Жыйынтык:**

Жыйындын катышуучулары студенттердин билим сапатын жогорулатууда:

- ата-энелер,
- окутуучулар,
- жана иш берүүчүлөрдүн биргелешкен аракетин күчөтүү зарыл деген бүтүмгө келишти.

**ЧЕЧИМ КЫЛЫШТЫ:**

1. Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында ата-энелер, кафедра жана иш берүүчүлөр менен тыгыз байланыш түзүү.
2. Практикалык сабактарды өндүрүш мекемелеринин базасында өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.
3. Студенттердин сабакка жана практикасына болгон жоопкерчилигин ата-энелер менен биргеликте көзөмөлдөө.
4. Мектептерде билим берүү сапатына көңүл буруу жана сын-пикирлерди жеткирүү.

**Төрага:** Жоробеков Б.А.

**Катчы:** Эргешова Ч.М.

Сканировано с CamScanner